# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**1.** **-а, -ла, -кар, -лан** бул мүчөлөр этиштин кайсы ыңгайын жасоочу мүчөлөр катарына кирет?

A) *шарттуу ыңгай* B) *буйрук ыңгай*
C) *каалоо-тилек ыңгай*
D) *баяндагыч ыңгай*

**2.** Барыш жөндөмөсүнүн **-га** негизги мүчөсү III жак таандык уландысы жалганганда кандайча өзгөрөт?

A) *-ка, -ко, -ке, -кө*

B) *-а, -о, -е, -ө*

C) *-га, -го, -ге, -гө*

D) *-на, -но, -не, - нө*

**3.** Баяндоочтун милдетин зат, сын, сан, ат атооч жана тактооч аткарса ээ менен баяндоочтун арасына кандай тыныш белги коюлат?

A) *сызыкча* B) *көп чекит* C) *көш чекит*
D) *дефис*

**4.** Сөз жасоочу мүчөлөр туура колдонгон сүйлөмдөр кайсы катарда берилген?

A) *Ашың калса калсын, ишиң калбасын.*

B) *Ал байдын коюн багып багып оокат кылуучу койчы экен.*

C) *Ичи ооруган күлкү сүйбөйт, ит күлүгүн түлкү сүйбөйт.*

D) *Билеги күчтү бирди жыгат, билими күчтү миңди жыгат.*

**5.** Кайсы катарда атама сүйлөм берилген?

A) *Класстын ичи. . .*

B) *Артынан сүйөп жибер.*

C) *Жаманга жанашпа, жакшыдан адашпа.*

D) *Ак саманды жаман деп, чөптү кайдан табасың?*

**6.** Антоним сөздөр кайсы катарда берилген?

A) *тартиптүү-акылдуу, барды-келди*

B) *кызыктуу-жагымдуу, чын-калп*

C) *улуу-бийик, тез-бат*

D) *оор-жеңил, ысык-суук*

**7.** Кайсы сүйлөмдө өтмө маанилүү сөз тизмеги катышты?

A) *Куштар эрте учуп келишти.*

B) *Телефон аркылуу сүйлөшүлдү.*

C) *Анын жүрөгү жок.*

D) *Тоодо көп кар жаады.*

**8.** Кайсы сан атоочтор дун арасына дефис коюлуп жазылат?

A) *экиден бир, ондон эки, сегиз бүтүн жетиден беш*

B) *жыйырма беш, элүү сегиз, он жети*

C) *үч үчтөн, беш алтыдан, отуз кырктан*

D) *бирөө экөө, эки жүз миң, бир миллион*

**9.** Эки сөзү тең маани берүүчү тууранды сөздөр кайсы катарда берилген?

A) *чарт-чурт, бултуң-султуң, шарп-шурп, жалп-жулп*

B) *шак-шук, тарс-турс, чаң-чуң, эрбең- сербең*

C) *кыйк-кыйк, кайкылдап- чыйкылдап, калдыр-кулдур, чалп-чулп*

D) *ызың-кызың, күрпөң- күрпөң, мөл-мөл*

**10.** Орфографиялык жактан туура жазылган сөздөр кайсы сүйлөмдө берилген?

A) *Бир күнү карасам, карала, торала болуп Жанболотум велосипед жетелеп калыптыр.*

B) *Күрүштүн аркасы менен күрмөк суу ичет.*

C) *Анын жаш көңүлүнө белгисиз коркунучтан башка эчтеме сезилген жок.*

D) *Мен бул сүрөттү али тартып бүтөлекмин.*